2. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуудагы предмет аралык байланыштын айрым маселелери // Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери. – Фрунзе: Мектеп, 1984. 112–115.
3. Калишкина Д. В., Титкова Н. Е. Особенности реализации межпредметных связей на уроках литературы // Научный лидер. – 2022. – № 50 (95). – URL: https://scilead.ru/article/3459-osobennosti-realizatsii-mezhpredmetnikh-svyaz (дата обращения: 24.08.2026).
4. Оторбаев Б. К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы: окуу китеби.–Бишкек: Айат, 2022.–560 б.
5. Рудакова Т. В. Использование межпредметных связей на уроках русского языка и литературы [Электронный ресурс]. – 2024. – 22 сент. – URL: https://solncesvet.ru/opublikovannyie-materialyi/ispolzovanie-mejpredmetnyh-svyazey-na-ur.20488159274/ (дата обращения: 24.08.2026).
6. Отто Юльевич Шмидт. Жизнь и деятельность/– Москва: Изд-во Акад. наук СССР, 1959. – 472 с.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты Кашкариева М.А.

УДК 37.013.42
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-220-224

Раимбекова Ч.З.
А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Раимбекова Ч.З.
Ошский государственный педагогический университет имени А. Мырсабекова
Raimbekova Ch.Z.
Osh State Pedagogical University named after A. Myrsabekov

ORCID 0009-0001-6152-7098

ПЕДАГОГДОРДУН КЕСИПТИК ӨНҮГҮҮСҮ: КЫРГЫЗСТАН ЖАНА СИНГАПУР
ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ ПЕДАГОГОВ: КЫРГЫЗСТАН И СИНГАПУР
PROFESSIONAL DEVELOPMENT OF TEACHERS: KYRGYZSTAN AND SINGAPORE

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада педагогдордун кесиптик өнүгүүсү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуунун негизги факторлорунун бири жана ар бир мамлекеттин билим берүү системасын өнүктүрүүнүн маанилүү багыты катары каралат. Кыргыз Республикасында педагогдордун кесиптик өнүгүү системасын өркүндөтүү багытында бир катар иштер жүргүзүлүп келет. Ошол эле учурда башка мамлекеттердин тажрыйбасы менен салыштырганда бул тармакта белгилүү бир окшоштуктар жана айырмачылыктар бар. Макалада Кыргызстандагы педагогдордун кесиптик өнүгүү системасынын негизги максаттары каралып, Сингапурдун тажрыйбасы менен салыштырылат.

Аннотация: В данной статье профессиональное развитие педагогов рассматривается как один из ключевых факторов обеспечения качественного образования и важное направление развития образовательной системы каждого государства. В Кыргызской Республике проводится ряд мероприятий, направленных на совершенствование системы профессионального развития педагогов. Вместе с тем при сравнении с опытом других государств в данной сфере выявляются определённые сходства и различия. В статье рассматриваются основные цели системы профессионального развития педагогов Кыргызстана и проводится её сравнение с опытом Сингапура.

Abstract: This article considers teachers' professional development as one of the key factors in ensuring quality education and an important area in the development of the education system of every country. In the Kyrgyz Republic, a number of measures are being implemented to improve the system of teachers' professional development. At the same time, comparison with the experience of other countries reveals certain

similarities and differences in this area. The article examines the main objectives of the professional development system for teachers in Kyrgyzstan and compares it with the experience of Singapore.

Негизги сөздөр: кесиптик өнүгүү; үзгүлтүксүз билим берүү; методикалык колдоо; педагогикалык лидерлик; коучинг; ментордук программа; натыйжалуу окутуу; эл аралык тажрыйба.

Ключевые слова: профессиональное развитие; непрерывное образование; методическая поддержка; педагогическое лидерство; коучинг; программа наставничества; эффективное обучение; международный опыт.

Keywords: professional development; continuing education; methodological support; pedagogical leadership; coaching; mentoring program; effective teaching; international experience.

Педагогдордун кесиптик өнүгүүсү — заманбап билим берүү системасынын маанилүү бөлүгү. Бул багытта Сингапур дүйнөдөгү эң ийгиликтүү системалардын бирин түзгөн өлкөлөрдүн катарына кирет жана анын тажрыйбасы көптөгөн мамлекеттер тарабынан үлгү катары кабыл алынган. Кыргыз Республикасында да билим берүү системасын жакшыртуу максатында ар кандай реформалар ишке ашырылып, педагогдордун кесиптик өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурулууда. Бул макалада Кыргызстандагы педагогдордун кесиптик өнүгүү системасы менен Сингапурдун системасынын негизги окшоштуктары каралат.

Кыргызстандагы педагогдордун кесиптик өнүгүү системасы төмөнкү негизги максаттарды көздөйт:

– сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу жана заманбап талаптарга жооп берген квалификациялуу педагогдорду даярдоо;

– методикалык колдоо көрсөтүү, мугалимдерге сабактарды натыйжалуу өткөрүүгө багытталган ыкмаларды үйрөтүү;

– педагогдордун үзгүлтүксүз билим алуусуна шарт түзүү жана алардын кесиптик көндүмдөрүн мезгил-мезгили менен жаңыртып туруу.

Бул максаттар Республикалык педагогикалык кызматкерлердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, Ош билим берүү институту, Ысык-Көл билим берүү институту, ЖОЖдордун алдында түзүлгөн институттар, аймактык билим берүү борборлору жана окуу борборлору тарабынан уюштурулган атайын курстар, семинарлар жана практикалык сабактар аркылуу ишке ашырылат. Ошондой эле эл аралык өнөктөштөр жана билим берүүнү колдоочу долбоорлор менен кызматташуу аркылуу билим берүү системасын өркүндөтүүгө багытталган атайын программалар иштелип чыгууда.

Сингапурда педагогдордун кесиптик өнүгүү системасы дүйнөлүк деңгээлде таанылып, мугалимдердин кесиптик жактан өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурулат. Анын негизги максаттары төмөнкүлөр:

– педагогдорду кесиптик жактан колдоо жана өнүктүрүү, натыйжалуу окутуу методдорун жайылтуу;

– инновациялык окутуу методдорун колдонуу, мугалимдердин окуу процессинде заманбап жана натыйжалуу ыкмаларды өздөштүрүүсүнө шарт түзүү;

– педагогдорду илимий-изилдөө иштерине шыктандыруу жана алардын билим берүү тармагында илимий иштер менен алектенүүсүнө шарт түзүү.

Сингапурда педагогдордун кесиптик өнүгүү системасы үч этапты камтыйт: баштапкы даярдык, кесиптик өнүгүү жана квалификацияны үзгүлтүксүз жогорулатуу. Мындан тышкары, Сингапурда «Бир мугалим — бир тарбиячы» модели колдонулат. Бул модель педагогдордун практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган [1].

Кыргызстандагы педагогдордун кесиптик өнүгүү системасы менен Сингапурдун системасынын ортосунда бир катар окшоштуктар бар. Алар төмөнкүлөр:

– педагогдордун үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсү — эки мамлекетте тең мугалимдердин кесиптик билимдерин жана көндүмдөрүн үзгүлтүксүз өркүндөтүү негизги максаттардын бири катары каралат;

– методикалык колдоо жана практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү — эки өлкөдө тең мугалимдерге окутуу методдорун өркүндөтүүгө жана сабакты натыйжалуу өткөрүү ыкмаларын өздөштүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат;

– эл аралык тажрыйбаны колдонуу — Кыргыз Республикасында да, Сингапурда да билим берүүнүн сапатын жогорулатууда алдыңкы эл аралык тажрыйбаны колдонууга көңүл бурулат.

Кыргызстан менен Сингапурда педагогдордун кесиптик өнүгүүсүнө карата жалпы максаттардын болушу эки өлкөнүн системасындагы окшоштуктарды көрсөтөт. Атап айтканда, инновациялык методдорду жайылтуу, педагогдорго методикалык колдоо көрсөтүү жана билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу эки өлкөдө тең маанилүү багыттардын катарына кирет. Ошол эле учурда Сингапурдун педагогдорду кесиптик жактан өнүктүрүү боюнча тажрыйбасын изилдөө Кыргызстан үчүн практикалык мааниге ээ. Анын натыйжалуу моделдеринин айрым элементтерин жергиликтүү шарттарды жана улуттук билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен колдонуу педагогдордун кесиптик өнүгүү системасын өркүндөтүүгө жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүшү мүмкүн. Сингапурда «Педагогдорду колдоо жана өнүктүрүү» демилгеси мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга жана натыйжалуу окутуу методдорун кеңири жайылтуу аркылуу билим берүүнүн сапатын жакшыртууга багытталган. Бул система мугалимдерди даярдоону, алардын үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн колдоону жана сапаттуу окутууну камсыз кылууга багытталган туруктуу механизмдерди камтыйт.

Мугалимдерди колдоо жана алардын кесиптик өнүгүүсүн камсыз кылуу төмөнкү негизги стратегиялар аркылуу ишке ашырылат.

1. Улуттук билим берүү институту (NIE). Сингапурдагы Улуттук билим берүү институту (NIE) өлкөдө мугалимдерди даярдоочу негизги мекемелердин бири болуп саналат. NIE мугалимдердин кесиптик даярдыгын камсыз кылып, заманбап билим берүү методдорун өздөштүрүүгө багытталган программаларды сунуштайт. Мугалимдер институтта педагогикалык билимдерди, сабак берүүнүн негизги усулдарын жана натыйжалуу окутуу көндүмдөрүн өздөштүрүшөт [2].

2. Кесиптик өнүгүү программалары. Сингапурда мугалимдерге үзгүлтүксүз билим алуу жана квалификациясын жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Бул программалар мугалимдердин окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин жогорулатууга багытталган ыкмаларды, жаңы технологияларды колдонууну, чыгармачыл ой жүгүртүүнү, STEM жана башка багыттарды өздөштүрүүсүн камтыйт. Сингапурдун өкмөтү ар бир мугалимге кесиптик өнүгүү үчүн жыл сайын 100 сааттык окуу убактысын бөлүп берет. Бул квалификацияны жогорулатуу мамлекет тарабынан каржыланат. Ошондой эле мугалимдер өз тандоосу боюнча кесиптик билимин өркүндөтүү үчүн жылына 400–700 доллар өлчөмүндө каражат алышат. Аны чет тилин же компьютердик сабаттуулукту үйрөнүү курстарына катышууга, программалык камсыздоого, кесиптик адабияттарды сатып алууга жана башка кесиптик муктаждыктарга жумшай алышат [4].

3. Педагогикалык лидерликти колдоо. Мугалимдерди мектептеги лидерлик кызматтарга даярдоо максатында атайын программалар каралган. Алар педагогдордун мектеп администрациясында же билим берүү системасында жетекчилик кызматтарды аткарууга даярдануусуна мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, «Lead Teacher» жана «Senior Teacher» багыттары мугалимдердин кесиптик жана карьералык өнүгүүсүндө маанилүү орунду ээлейт [5].

4. Коучинг жана ментордук программалар. Тажрыйбалуу мугалимдер жаңы мугалимдерге жана кесиптештерине көмөк көрсөтүп, алардын кесиптик өнүгүүсүн үзгүлтүксүз колдоп турушат. Мындай программалар педагогдордун өз ара тажрыйба алмашуусуна, бири-бирине кесиптик кеңеш берүүсүнө жана окуучулардын жетишкендиктерин жакшыртуу багытында биргелешип иштөөсүнө шарт түзөт.

5. Окутуудагы инновацияларды жайылтуу. Сингапурда мугалимдердин окутуу процессинде жаңы ыкмаларды жана технологияларды колдонуусуна өзгөчө көңүл бурулат. Бул багытта атайын тренингдер жана семинарлар өткөрүлөт. Мектептерде интерактивдүү ыкмаларды, долбоордук

ишмердүүлүктү жана санариптик технологияларды колдонуу аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга басым жасалат.

6. Мугалимдердин ишин баалоо жана сыйлоо системасы. Мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгү жана жетишкендиктери үзгүлтүксүз бааланып, жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен педагогдорго сыйлыктар жана кошумча колдоо көрсөтүлөт. Мындай система мугалимдерди үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүгө жана билим берүү процессинин сапатын жакшыртууга түрткү берет.

Сингапурда мугалимдердин жана мектеп жетекчилеринин кесиптик ишмердүүлүгүн баалоого өзгөчө маани берилет. Аттестациянын жыйынтыгында мугалимдер **A–E** баалоо шкаласы боюнча бааланат. Автор келтирген маалымат боюнча, мугалимдердин 2%ы эң жогорку **A**, ал эми көпчүлүгү **C** алышат. Алынган баа кийинки окуу жылындагы эмгек акынын деңгээлине таасирин тийгизет. **D** алган мугалимдер үч жыл бою кызматтык өсүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болбойт. Ал эми **E** алган мугалим мектепте сабак берүү ишинен четтетилиши мүмкүн, бирок мындай учурлар сейрек кездешет. Сингапурда мугалимдерди аттестациялоо алардын кесиптик ишмердүүлүгүн ар тараптуу баалоонун негизинде жүргүзүлөт. Баалоого кесиптештери, мектеп директору жана анын орун басарлары, жогорку квалификациялуу мугалимдер, ошондой эле кураторлор катышат. Жамааттык талкуунун жыйынтыгында мугалимдин учурдагы кесиптик потенциалы бааланып, анын мындан аркы кесиптик өнүгүүсүнүн негизги багыттары аныкталат.

Баалоодо мугалимдин жыйынтыктоочу портфолиосу, окуу жылындагы ишинин натыйжалары, мектептин жана педагогикалык жамааттын ишмердүүлүгүнө кошкон салымы эске алынат. Өркүндөтүүнү талап кылган кесиптик багыттар аныкталып, алардын негизинде кийинки окуу жылына карата өнүгүү планы түзүлөт. Ишинде кыйынчылыктар жаралган педагогдорго кесиптештери тарабынан колдоо көрсөтүлөт. Эгерде мындай колдоо иштин сапатын жакшыртууга алып келбесе, кызматтан бошотуу маселеси каралышы мүмкүн.

Тажрыйбалуу мугалимдерди аттестациялоодо алардын мындан аркы кесиптик жана карьералык өсүү мүмкүнчүлүктөрү да аныкталат. Педагогдор алдыңкы мугалим (мастер-мугалим), окуу программаларын иштеп чыгуу жана изилдөө багытындагы адис же башкаруучу (мектеп жетекчиси) катары карьерасын уланта алышат. Жаңы карьералык баскычка көтөрүлгөн сайын алардын ыйгарым укуктары жана жоопкерчилиги кеңейип, эмгек акы, бонустар жана компенсациялар түрүндөгү кошумча стимулдар каралат.

Аттестациянын жыйынтыгы боюнча мугалимдерге жыл сайын бир айлыктан үч айлык маянага чейинки өлчөмдө үстөк акы берилиши мүмкүн. Ошондой эле кийинки аттестацияга чейин эмгек акыны жогорулатуу каралат. Кесиптик жактан өнүгүп, тиешелүү талаптарга жооп берген педагогдор улук мугалим жана мастер-мугалим сыяктуу жогорку кесиптик баскычтарга өтүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Мектеп жетекчиси алардын кызматтык деңгээлине жараша кошумча милдеттерин жана ыйгарым укуктарын аныктай алат. Жогорку натыйжаларды көрсөткөн педагогдорго кошумча материалдык колдоо көрсөтүлүшү мүмкүн. Натыйжада алардын эмгек акысынын өлчөмү кесиптик жетишкендиктерине, кошумча ишмердүүлүгүнө, мектептин өнүгүүсүнө жана кесиптик коомчулукка кошкон салымына жараша айырмаланат [3].

Сингапурда мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүн колдоого жана окутуунун натыйжалуу методдорун өздөштүрүүгө багытталган комплекстүү система түзүлгөн. Педагогдордун кесиптик өнүгүүсүнө системалуу көңүл буруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, окутуудагы инновацияларды жайылтууга жана окуучулардын билим алуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө өбөлгө болот. Сингапурдун бул багыттагы тажрыйбасынын айрым элементтерин Кыргызстандын билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырып колдонуу педагогдордун кесиптик өнүгүү системасын өркүндөтүүгө жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүшү мүмкүн.

Колдонулган адабияттар

1. Положение о порядке повышения квалификации педагогических и руководящих работников образования Кыргызской Республики. – Бишкек, 2017.
2. Новаковская Ю. В. Нужна ли нам сингапурская система образования? // Естественнонаучное образование: новые горизонты. – М.: МГУ, 2017.
3. Centre for Development of Teaching and Learning at National University of Singapore [Электронный ресурс]. – Режим доступа: Centre for Development of Teaching and Learning (дата обращения: 07.06.2020).
4. Education GPS: Singapore – Teachers and Teaching Conditions (TALIS 2024) [Электронный ресурс] // OECD. – 2025. – Режим доступа: Education GPS: Singapore (дата обращения: 29.08.2026).
5. Сергиенко А. Ю. Проектирование профессионального роста учителя с использованием стажировочной площадки в системе образования Сингапура // Человек и образование. – 2015. – № 4.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты Айбашова Т.М.

УДК 372.882.575.2
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-224-230

Раимбердиева З.С.
Ош мамлекеттик университети
Раимбердиева З.С.
Ошский государственный университет
Raimberdieva Z. S.
Osh State University

Т. СЫДЫКБЕКОВДУН «КӨК АСАБА» РОМАНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫ МЕНЕН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУДА ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР МЕНЕН ИШТӨӨ ЫКМАЛАРЫ
МЕТОДЫ РАБОТЫ С ФРАЗЕОЛОГИЗМАМИ ПРИ ИНТЕГРИРОВАННОМ ИЗУЧЕНИИ РОМАНА Т. СЫДЫКБЕКОВА «КӨК АСАБА» НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
METHODS OF WORKING WITH PHRASEOLOGICAL UNITS IN THE INTEGRATED STUDY OF T. SYDYKBEKOV'S NOVEL «KÖK ASABA» IN KYRGYZ LANGUAGE LESSONS

Кыскача мүнөздөмө: Макалада көркөм тексттеги фразеологизмдерди тилдик өлкө таануу багытында талдоо жана аларды кыргыз тили сабагында адабият менен интеграциялап окутуунун айрым ыкмалары каралат. Ар бир элдин тили ошол элдин көп кылымдык тажрыйбасын, даанышмандыгын, руханий жана интеллектуалдык байлыгын алып жүрүүчү негизги булак болуп саналат. Көпчүлүк фразеологизмдер лексикалык мааниси менен катар семантикасында улуттук-маданий компонентти да камтыйт. Ошондуктан алар тил үйрөнүүчүлөргө ошол тилде сүйлөгөн элдин тарыхы жана маданияты жөнүндө маалымат берип, таанып-билүүчүлүк милдетти аткарат. Фразеологизмдерди тилдик өлкө таануу багытында талдоо көркөм чыгарманы түшүнүп окууда өзгөчө мааниге ээ. Ар кандай тилдик кубулушта элдин улуттук өзгөчөлүгү чагылдырылат. Изилдөөнүн жүрүшүндө Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынан 375тен ашык фразеологизмди аныктап, тизмелөөгө аракет жасалды. Алардын баарын бир макаланын алкагында камтууга мүмкүн болбогондуктан, кыргыз тили сабагында романдагы айрым фразеологизмдер менен иштөөнүн үлгүлөрү сунушталды.

Аннотация: В статье рассматриваются фразеологизмы художественного текста в лингвострановедческом аспекте, а также отдельные методы работы с ними при интегрированном обучении кыргызскому языку и литературе. Язык каждого народа является важнейшим источником, отражающим его многовековой опыт, мудрость, духовное и интеллектуальное богатство. Большинство